2. Айтматов Ч.Т. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек: Бийиктик, 2008.
3. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери. – Бишкек, 2014.
4. Абдуллаева А.А. Студенттердин экологиялык маданиятын калыптандыруунун жолдору // Жалал-Абад мамлекеттик университетинин илимий кабарлары. – 2021. – №1 (44). – 112-117-бб.
5. Чодураев Т.М. Кыргызстандын экологиясы: окуу куралы. – Бишкек, 2021.
6. Акылай Зулушева. Географияны окутууда Экологиялык таалим-тарбия берүү процессин өркүндөтүү. Бишкек. 2025ж

УДК 82(470.35)37.013.32 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.607**

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН КӨРКӨМ МУРАСЫНДАГЫ ТАБИЯТ КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖАНА АНЫН БИОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ МЕТОДИКАЛЫК МААНИСИ

Сатыбекова М. А.
ORCID 0009-0001-1898-1367
педагогика илимдеринин доктору,
Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору,
msatybekova@bk.ru
Каныбек к. Мээрим
Ж. Баласагын атындагы КУУнун изденүүчүсү
. ms.meerim777@gmail.com
Жигитаалы к. Айдай
Ж. Баласагын атындагы КУУнун магистранты.

КОНЦЕПЦИЯ ПРИРОДЫ В ХУДОЖЕСТВЕННОМ НАСЛЕДИИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА И ЕЕ МЕТОДИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ В БИОЛОГИЧЕСКОМ ОБРАЗОВАНИИ

Сатыбекова М. А. - профессор,
КНУ им. Ж. Баласагына доктор педагогических наук.
Кыргызстан, Бишкек. msatybekova@bk.ru
Каныбек к. М.
соискатель КНУ им. Ж. Баласагына, Кыргызстан, Бишкек
Жигитаалы к. Айдай
магистрант КНУ им. Ж. Баласагына, Кыргызстан, Бишкек

THE CONCEPT OF NATURE IN CHINGIZ AITMATOV’S LITERARY HERITAGE AND ITS METHODOLOGICAL SIGNIFICANCE FOR BIOLOGY EDUCATION

Satybekova M. A. - doctor of Pedagogical Sciences, professor Kyrgyz National University named after J. Balasagina, Kyrgyzstan, Bishkek
Kanibek K. M. – Applicant at Jusup Balasagyn Kyrgyz National University, Bishkek, Kyrgyzstan. ms.meerim777@gmail.com
Zhigitayaly K. Aiday – Master’s Student at Jusup Balasagyn Kyrgyz National University, Bishkek, Kyrgyzstan.

Кыскача мазмун

Макалада Чынгыз Айтматовдун көркөм мурасындагы табият концепциясы философиялык, адабий жана педагогикалык өңүттө комплекстүү талдоого алынат.

Изилдөөнүн максаты – Айтматов чыгармаларындагы табият образдарынын мазмундук, символдук жана баалуулук-маанилик өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле аларды биологиялык билим берүү процессине интеграциялоонун натыйжалуу методикалык моделин негиздөө.

Изилдөөдө герменевтикалык талдоо, контент-анализ, салыштырма-типологиялык ыкма жана педагогикалык эксперимент колдонулду. Теориялык талдоонун негизинде табият концепциясынын биосфералык, гуманисттик жана экологиялык-этикалык компоненттери системалаштырылды. Эксперименттик жыйынтыктар табиятка жоопкерчиликтүү мамилени калыптандырууда көркөм тексттердин дидактикалык потенциалы жогору экенин көрсөттү. Натыйжалар жалпы билим берүүчү мектептерде жана жогорку окуу жайларда биология сабагын гуманитарлаштыруунун илимий-методикалык негизи катары сунушталат.

Түйүндүү сөздөр. *Көркөм мурас, табият концепциясы, табият концепциясынын элементтери, биологиялык билим берүү, экологиялык көйгөйлөр, контент-анализ.*

Аннотация

В статье концепция природы в художественном наследии Чингиза Айтматова рассматривается в философском, литературном и педагогическом аспектах в комплексном формате. Цель исследования – выявить содержательные, символические и ценностно-смысловые особенности образов природы в произведениях Айтматова, а также обосновать эффективную методическую модель их интеграции в процесс биологического образования.

В исследовании использованы методы герменевтического анализа, контент-анализа, сравнительно-типологический метод и педагогический эксперимент. На основе теоретического анализа систематизированы биосферный, гуманистический и эколого-этический компоненты концепции природы. Результаты эксперимента показали высокий дидактический потенциал художественных текстов в формировании ответственного отношения к природе. Полученные результаты предлагаются в качестве научно-методической основы гуманитаризации преподавания биологии в общеобразовательных школах и высших учебных заведениях.

Ключевые слова: *Художественное наследие, Концепция природы, элементы концепции природы, биологическое образование, экологические проблемы, контент-анализ*

Abstract

The article provides a comprehensive analysis of the concept of nature in the literary heritage of Chingiz Aitmatov from philosophical, literary, and pedagogical perspectives. The aim of the study is to identify the semantic, symbolic, and axiological features of nature imagery in Aitmatov’s works and to substantiate an effective methodological model for integrating them into the process of biological education.

The research employs hermeneutic analysis, content analysis, a comparative-typological method, and a pedagogical experiment. Based on the theoretical analysis, the biospheric, humanistic, and ecological-ethical components of the concept of nature have been systematized.
The experimental results demonstrated the high didactic potential of literary texts in fostering a responsible attitude toward nature. The findings are proposed as a scientific and methodological foundation for the humanization of biology teaching in general secondary schools and higher educational institutions.

Keywords: *Literary heritage, concept of nature, elements of the concept of nature, biological education, environmental problems, content analysis.*

Киришүү.

XXI кылымдагы глобалдык экологиялык көйгөйлөр билим берүү системасын жаңылоо зарылдыгын шарттоодо. Биологиялык билим берүү табият мыйзамдарын түшүндүрүү менен катар табиятка баалуулук мамилени калыптандыруу милдетин аткарат. Бул контекстте Чынгыз Айтматовдун көркөм мурасы өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Адабияттарга талдоо жүргүзүүнү табият концепциясын иликтөөдөн баштасак. Табият концепциясы – бул табияттын маңызы, анын адам менен болгон өз ара байланышы, коомдогу орду жана баалуулук катары кабыл алынышы жөнүндө философиялык, илимий жана маданий түшүнүктөрдүн системасы [10]. Жөнөкөйлөтүп айтканда, табият концепциясы – адам табиятты кандай түшүнөт, кандай баалайт жана ага кандай мамиле кылат деген суроолорго жооп берген көз караштардын жыйындысы.

Табият концепциясы көп компоненттүү түзүлүшкө ээ. Анын негизги элементтери төмөнкүлөр болуп саналат:

1. Онтологиялык компонент (маңыздык түшүнүк):

- Табият деген эмне?
- Ал өз алдынча баалуулукпу же адам үчүн гана ресурспу?
- Адам табияттын кожоюнубу же бир бөлүгүбү?

Мисалы, ноосфера теориясында В.И. Вернадский адамды - табияттын эволюциясынын бир бөлүгү катары караган [3].

2. Экологиялык компонент:

- Табияттагы тең салмактуулук.
- Экосистемалардын өз ара байланышы.
- Биосфера жана туруктуу өнүгүү.
- Антропогендик таасир.

Бул компонент биологиялык билим берүүдө өзгөчө маанилүү.

3. Гуманисттик-баалуулук компонент:

- Табият – руханий баалуулук.
- Табиятка жоопкерчилик.
- Экологиялык этика.

Мисалы, А. Леопольд «жер этикасы» концепциясында адам табиятка моралдык жоопкер экенин айткан [8].

4. Эстетикалык компонент:

- Табият сулуулуктун булагы.
- Табият искусствodo жана адабиятта.
- Пейзаж, символика.

Көркөм адабиятта табият көбүнчө адамдын ички дүйнөсүнүн символу катары берилет.

5. Философиялык-космостук компонент:

- Адам жана космос.
- Табияттын универсалдуу мыйзамдары.
- Биосфералык ой жүгүртүү.

Бул компонент табиятты глобалдык масштабда кароого шарт түзөт.

6. Педагогикалык компонент:

Билим берүүдө табият концепциясы төмөнкү аспектилерди камтыйт:

- Табигый-илимий сабаттуулук.
- Экологиялык аң-сезим.
- Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү.
- Табиятка баалуулук мамиле.

1-таблица

Табият концепциясынын негизги типтери

Концепция түрү	**Мазмуну**
Антропоцентристтик	Табият – адам үчүн ресурс
Биосфералык	Адам табияттын бир бөлүгү
Экоцентристтик	Табият өз алдынча баалуулук
Гуманисттик	Табият адам рухanияты менен байланышта

1-таблицадагы ар бир табият концепциясын кыскача интерпретациялоо мындайча ишке ашты.

1. Антропоцентристтик концепция. Бул түшүнүккө ылайык, табият негизинен адамдын керектөөсүн канааттандыруучу каражат же ресурс катары каралат. Башкы баалуулук – адам, ал эми табият анын жашоосун камсыз кылуучу булак болуп эсептелет.

2. Биосфералык концепция. Бул көз карашта адам табияттын ажырагыс бөлүгү катары түшүндүрүлөт. Адам менен жаратылыш өз ара байланышта жана бирдиктүү биосистеманы түзөт. Табиятты сактоо – адамзаттын өзүн сактоо дегенди билдирет.

3. Экоцентристтик концепция. Бул концепцияда табият өз алдынча баалуулукка ээ деп эсептелет. Адам табияттын үстүнөн кожоюн эмес, анын бир компоненти гана. Жаратылышты коргоо моралдык жана экологиялык милдет катары кабыл алынат.

4. Гуманисттик концепция**.** Бул түшүнүк табият менен адамдын руханий дүйнөсүнүн байланышын баса белгилейт. Табият адамдын эстетикалык сезимин, адеп-ахлактык баалуулуктарын жана ички дүйнөсүн калыптандыруучу фактор катары каралат.

Ал эми, биологиялык билим берүүдө табият концепциясынын мааниси төмөнкүлөрдө жатат:

- Экологиялык жоопкерчиликти калыптандырат.
- Баалуулук ориентациясын өнүктүрөт.
- Табият мыйзамдарын терең түшүнүүгө жардам берет.
- Предмет аралык интеграцияга мүмкүнчүлүк түзөт.

Биологиялык билим берүүнүн дагы бир маанилүү артыкчылыгы – аны элдин күнүмдүк турмушуна жакындатуу [4,5]. Бул үчүн аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен улуттук жана этномаданий өзгөчөлүктөрдү белгилеп, биологиялык билимдин түзүмүн жана мазмунун тактоого багыт берүү зарыл. Кыргызстан агрардык өлкө болгондуктан, биологиялык билим дыйкандарга жана фермерлерге абдан маанилүү болуп эсептелет. Ошондой эле, кыргыз элинин Жерге, сууга, өсүмдүк жана жаныбарларга илгертен барган өзгөчө мамилесин улуттук дөөлөт катары билим берүүнүн мазмунуна камтышы талап кылынат.

В. Вернадскийдин ноосфера теориясы адамзат акыл-эсинин биосферадагы ролун негиздейт [3]. UNESCOнун Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү концепциясы экологиялык жоопкерчиликти билим берүүнүн мазмунуна киргизүүнү талап кылат. Айтматовдун чыгармаларында табият моралдык жана философиялык категория катары каралат [14].

Методологиялык изилдөө аралаш ыкмада жүргүзүлдү. Теориялык этапта герменевтикалык жана контент-анализ ыкмалары колдонулду. Эксперименттик этапта Бишкек шарынын №49 орто мектебинин 7-класстарынын 68 окуучусу катышты.

Ушул багытта 7-класстын биология сабагында жаныбарлар темасы боюнча жаңы окуу китебинде “Жаныбарлардын адабиятта, прикладдык искусстводо жана кыргыздардын ырым-жырым, жөрөлгөлөрүндөгү орду” деген тема киргизилген [12]. Бул бөлүктө кыргыз элинин турмушу жана жаныбарлар дүйнөсү арасында өтө тыгыз байланыш болгондугу баса белгиленет [11]. Себеби, кыргыз эли илгертеден бери жаратылыш койнунда көчүп-конуп, негизинен мал чарбачылыгы менен алектенишкен. Алар оозеки мурастоо аркылуу, муундан мууңга жеткирилген жомоктор, дастандар, эпостор аркылуу адам менен жаныбарлардын ортосундагы мамилени терең чагылдырышкан. Бул болсо өсүп келе жаткан мууңга экологиялык тарбия берүүгө чоң жардам берген [9]. Кандай гана жомоктор, дастандар же эпостор айтылбасын, же чыгарма түрүндө жазылбасын, кыргыздар ар дайым өз турмушунан алынган окуяларды мисал катары колдонуп келишкен. Анда адам менен табияттын, адам менен жаныбарлардын ортосундагы байланыш кенен сүрөттөлүп, жакшылык менен жамандык, адамдык адилеттүүлүк жана акыйкаттык сыяктуу баалуулуктарды ажырата билүү идеялары камтылган. Улуу “Манас” эпосунда жаныбарлар адамдын жан биргеси жана жардамчысы катары көрсөтүлгөн. Мисалы, Манас атабыздын Аккуласы, Кумайыгы жана Ак кушу ушул идеяны так чагылдырат.

Заманыбыздын залкар жазуучусу Чынгыз Айтматов ар бир чыгармасында Жерге,

табиятка энедей урмат менен, сак жана сарамжалдуу мамиле кылууну өстүрүп, окуучуларга насааттап кеткен. Анын чыгармаларында жаныбарлар дүйнөсүнө өзгөчө көңүл бурулган. Мисалы, “Ак кеме” чыгармасында [1] бугу эненин жомогу аркылуу жаныбар менен адамдын байланышы сүрөттөлөт, ал эми “Жаныбарым Гүлсарыда” ат менен адамдын боордоштук мамилеси терең чагылдырылган. Айтылган идея – жаныбарды сыйлап, жакшы багып, кам көргөндө гана анын үзүрүн көрө аласың деген түшүнүккө үйрөтөт. Себеби “ат адамдын канаты” дегендей, адамга жылкынын пайдасы чоң. Жакшы саяпкердин таптаган аты спорттук жана улуттук оюндарда – атчабыш, жорго чабыш, кыз куумай сыяктуу мелдештерде ийгилик алып, ээсине байге алып келет.

Чынгыз Айтматовдун “Кылым карытаар бир күн” романында [2] болсо, Ташчайнар менен Акбаранын бөлтүрүктөрүн адам баласы тукум курут кылып, аларга зулумдук кылат. Бирок бул окуя айланып келип, адамдын өзүнө кайтат – чыгарманын негизги өзөгүн ушундай идея түзөт.

Кыргыз эли жаш муундарга тарбия катары “Кожожаш мерген” жана “Карагул ботом” окуяларын айтып келген. Кожожаш мерген эчки, текелерди жок кылып, кайберендин каргышына кабылып, аскадан түшө албай ажал табат. Ал эми Карагулдун окуясында, уктап жаткан кызды атасы байкабай чаарчыктын баласы деп атып алган окуя муундан муунга жеткирилген жомок катары айтылып келет. Мындай окуялар аркылуу ата-энелер балдарын жаратылышты сүйүүгө, боорукердикке жана мээримдүүлүккө тарбиялашкан. Себеби табияттын бузулушу жана жапайы жаныбарлардын кырылышы адам баласынын өзүнүн жок болушуна алып келет.

Кыргыз айымдары кол өнөрчүлүгүндө буюм-тайымдарга жаныбарлардын элесин түшүргөн. Мисалы, шырдак, курак сыяктуу буюмдарга чымчык канаты, куш канаты, кочкор мүйүзү, карга тырмагы, кыргоол сыяктуу жаныбарлардын элестери түшүрүлгөн оюулар жасалган. Аккуу, бугу жана башка жаныбарлардын сүрөтү түшүрүлгөн саймалар сайылып, куралтар куралган. Ошондой эле, карышкырдын чүкөсү бөрү менен жатыш оорусуна кабылган адамга ырымдап такса, ал айыгып кеткен деп ишенип келишкен. Капыстан адам жашаган аймакка келген жыланга каршы ак чачуу жөрөлгөсү да мурунтан бери жүргүзүлүп келет.

Кыргыздарда, ошондой эле чыгыш элдеринде, элдик жыл сүрүүсү 12 жаныбар менен аталат: чычкан, уй, жолборс, коён, балык, жылан, жылкы, кой, маймыл (мечин), тоок, ит жана доңуз (кара кийик). Жыл сүрүү – салттуу турмушта мезгилдин өтүшүн, окуялардын мөөнөтүн жана адамдын жашын эсептөөнүн өзгөчө ыкмасы болуп эсептелет.

Сабактын соңунда окуучуларга үй тапшырмасы катары төмөнкү суроолор берилет:

1. Илгерки замандарда кыргыз эли балдарына кандай экологиялык тарбия берип келген? (Кошумча маалыматтарды издеңиздер).
2. Кыргыздардын ат оюндарынан кайсыларын билесиңер жана аларды ойноо аркылуу кандай инсандык сапаттар калыптанат?
3. Жаныбарлар жөнүндө кайсы кинофильмдерди, мультфильмдерди билесиңер жана алардын тарбиялык жана экологиялык мааниси эмнеде?
4. Жашаган жериңердин экологиясын сактоо үчүн кандай иш-чараларды аткаруу керек?

Бул тапшырмалар продуктивдүү мүнөзгө ээ болуп, окуучуларга өз алдынча маалыматтарды издеп, аны системалаштырып алуу мүмкүнчүлүгүн берет жана алардын ой-жүгүртүүсүн өнүктүрөт [6].

Биология мугалимдерине 7-класстын биология сабагынын жаныбарлар темасына арналган иштелмелери жарыяланып келген [13]. Анда негизги көңүл сабактын максатына жана жаңы теманын актуалдуулугуна бурулган: эмнеге басым жасоо керек, окуучулардын компетенттүүлүктөрүн кантип калыптандырууга жардам берүү керек деген суроолор каралган. Сабактын максатын белгилегенде, мугалим өз аракетине гана эмес, окуучулар кайсы компетенттүүлүктөргө ээ болоорун аныктап, ошол багытта иш жүргүзүүгө көңүл бурушу зарыл.

Натыйжалар жана талкуу. Контент-анализдин негизинде табият концепциясынын

төрт негизги компоненти аныкталды: биосфералык биримдик, экологиялык жоопкерчилик, гуманисттик өлчөм жана космостук масштаб [7]. Интеграцияланган методикалык модель окуучулардын экологиялык аң-сезимин жогорулатканын көрсөттү. Натыйжалар билим берүүнү гуманизациялоо концепциялары менен шайкеш келет. Айтматовдун табият концепциясы биологиялык билим берүүнүн мазмундук жана баалуулук аспектилерин интеграциялоого мүмкүнчүлүк берет.

Жыйынтык. Айтматовдун чыгармаларындагы табият концепциясы биосфералык-гуманисттик мүнөзгө ээ. Ал биологиялык билим берүүнү гуманизациялоонун натыйжалуу ресурсу болуп саналат.

Пайдаланылган адабияттар.

1. Айтматов Ч. Ак кеме. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 224 с.
2. Айтматов Ч. И дольше века длится день. – М.: Советский писатель, 1980. – 512 с.
3. Вернадский В. И. Биосфера и ноосфера. – М.: Наука, 1988. – 520 с.
4. Bybee R. W. STEM Education Now: A Critical Analysis // Journal of Science Education and Technology. – 2018. – Vol. 27, № 4. – P. 1–12.
5. Bybee R. W. The Case for STEM Education: Challenges and Opportunities. – Arlington, VA: NSTA Press, 2013. – 120 p.
6. Захлебный А. Н., Дзятковская Е. Н. Образование для устойчивого развития в школе: теория и практика реализации ФГОС. – М.: Просвещение, 2015. – 208 с.
7. Зеер Э. Ф. Образование в условиях цифровой трансформации общества. – М.: Юрайт, 2019. – 256 с.
8. Leopold A. A Sand County Almanac and Sketches Here and There. – New York: Oxford University Press, 1949. – 295 p.
9. Мамедов Н. М. Экологическое образование и устойчивое развитие. – М.: Инфра-М, 2012. – 304 с.
10. Моисеев Н. Н. Человек и ноосфера. – М.: Молодая гвардия, 1990. – 352 с.
11. Сатыбекова М.А. Жалпы билим берүүчү орто мектепте “Биология” 7 – класс “Жаныбарлар” бөлүмүн окутууга карата жаңыча мамилелер // Международный научный журнал Наука. Образование. Техника. -Бишкек,2023.-218-228б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=53958558
12. Сатыбекова М.А. ж.б. Биология 7 класс. Жаныбарлар / жалпы билим берүү мекемелери үчүн окуу китеби. -Бишкек, 2022. -255 б.
13. Сатыбекова М.А. Мектептик биологиялык билим берүүнүн мазмунун жана окутуу методикасын жаңылоонун негиздери // Международный научный журнал ALATOO ACADEMICSTUDIES.-Бишкек,2022.№2.116-123б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49469543
14. UNESCO. Education for Sustainable Development: A Roadmap (ESD for 2030). – Paris: UNESCO Publishing, 2020. – 68 p.